Ит жана сүрөт бар үйгө периштелер кирбейт

Абу Талха (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Ит жана сүрөт бар үйгө периштелер кирбейт".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ырайым периштелери ит бар жана жандуулардын сүрөтү илинген үйлөргө кирбестигин кабарлаган. Мунун себеби, жандуу нерселердин сүрөтүн тартуу чоң күнөө. Сүрөт тартуу Аллахтын жаратуучулугун тууроо жана ширк кылууга ортомчу болот. Кээ бир сүрөттөргө сыйынып, ибадат кылгандар бар. Ал эми ит жашаган үйгө периштелердин кирбегенине иттердин ыплас, нажасаттарды жегени жана кээ бир иттердин шайтан деп эсептелгени себеп. Периштелер шайтандын душманы. Ошондой эле иттердин жыты да жагымсыз. Периштелер жагымсыз жытты жактырбайт. Алар андай жерге баруудан тыйылган. Ошондуктан үйүнө ит кармаган адамдар ырайым периштелеринин үйүнө кирүүсүнөн, ага салават айтуусунан, кечирим тилөөсүнөн, береке алып келүүсүнөн жана шайтанды кубалоосунан куру калат.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/8950